**Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi ile «FRONTIERS» Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. Arasında İşbirliğine İlişkin MUTABAKAT ZAPTI**

Bir taraftan, Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Rektörü Prof. Dr. Alpaslan CEYLAN ve Rektör Vekili Dr. Baktıgül KALAMBEKOVA ile diğer taraftan, «FRONTIERS» Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. Genel Müdürü Taalaybek DCUMATAEV (ileride birlikte Taraflar olarak anılacaktır),

- karşılıklı işbirliğin önemini dikkate alarak, eğitim, bilim, yenilik ve teknoloji alanında bilgi ve deneyim alışverişinde bulunmak;

- ortak mesleki menfaatleri dikkate alarak bilimsel araştırma, bilgi alışverişi ve işbirliğini genişletmek amacıyla bu İşbirliği Mutabakat Zaptını akdetmişlerdir.

**1. Madde.** Bu Mutabakat Zaptı; eğitim ve bilimsel araştırma alanında karşılıklı yarar sağlayan işbirliğinin gerçekleştirilmesi için Taraflarca yerine getirilmesi gereken koşulları belirler.

**2. Madde.**

Taraflar, mevzuata uygun olarak aşağıda belirtilen alanlarda işbirliği yapma ile yükümlüdür:

1. Her iki tarafı da ilgilendiren konularda ortak konferans, yuvarlak masa ve seminerlerin düzenlenmesi;
2. **FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti.** personelinin eğitim düzeyini artırmak için ders ve treninglerin düzenlenmesi;
3. **FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti.** tarafından önerilen konularda ortak bilimsel araştırma ve projeleri gerçekleştirmek için Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi'nin uzmanları ve gerekli görülen durumlarda bu projeleri desteklemek için yabancı ülkelerin bilimsel araştırma merkezleri ve donör kuruluşlarının temsilcileri de katılabilir;
4. **FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti.** tarafından belirlenen Uluslararası Finansal Raporlama Standartları'nın (IFRS) "Finansal Araçlar" diye adlandırılan 9. standardı ve "Verimlilik Analizi" alanında öncelik sırasına göre çalışmalara başlanması;

5. **FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti.**'nin projeleri ile ilgili olarak Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi tarafından bilimsel araştırma, metodolojik ve analitik inceleme, bilimsel-uygulamalı konferans ve başka faaliyetlerin gerçekleştirilmesinin sağlanması;

6. Taraflar arasında bilgi alışverişinin sağlanması.

**3. Madde.**

Bu İşbirliği Mutabakat Zaptı kapsamında gerçekleştirilecek olan faaliyetler aşağıdaki şartlara uygun olmalıdır:

1. Projeler yükseköğretim ve bilimsel araştırma düzeyinde gerçekleştirilmeli, Kırgız Cumhuriyeti'nin ekonomik kalkınmasına hizmet etmelidir;
2. Projeler bilimsel, eğitici ve pratik olmalı; karşılıklı yarar ve eşitlik ilkelerine dayalı olarak işbirliği yapılmalıdır.

**4. Madde.**

Bu Mutabakat Zaptına göre, Üniversite aşağıdaki maddeler uyarınca işbirliği yapacaktır:

1. KTMÜ öğrencileri için FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketinde staj yapmak üzere üniversitenin 3.Sınıf öğrencileri ve çalışmak üzere üniversitenin 4. Sınıf okuyan öğrencilerin özgeçmişlerin bakmaya,
2. FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketinin adayları öğrenci listesinden seçmesine izin vermeye,
3. Staj programına başlayan öğrencilerin FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketi'nin izniyle uygulamalı eğitim için programlar ve talimatlar ile sağlamaya;
4. Öğrencilerin staj programlarının yerine getirilmesine, organizasyonu ve yürütülmesi konusunda tavsiyelerde bulunulmada destek vermek.

Bu Mutabakat Zaptı'na göre, FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketi, ihtiyaçları ve rasyonelliği dikkate alarak aşağıdaki alanlarda işbirliği yapmaya hazırdır:

1. Üniversite tarafından FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketi'de staj için önerilen 3. Sınıf öğrencilerinin ve FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketi'de istihdam için 4. Sınıf lisans öğrencilerinin adaylıklarının değerlendirilmekle;
2. FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketi staj programı için gelen öğrencilerine bilgilendirme çalışması yapmakla;
3. Öğrencilere mesleki yeteneklerini gösterme ve geliştirme fırsatını sağlamakla;

4. Öğrencilerin staj programlarını gerçekleştirmeleri için yer ve güvenli çalışma koşulları ile sağlamakla;

5. Satj programları ile gelen öğrencilere FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketinin önde gelen uzmanlarından talimat vermekle;

6. Ziyaretçi öğrencilere FRONTIERS Mikrokredi Şirketi Ltd.Şti. şirketinin çalışma süreci, yapısı ve çalışma düzeni hakkında bilgi vermekle;

7. Stajın bitiminden sonra staj dosyasına yorumlar yazılması ve öğrencinin çalışmaları ve başarıları hakkında kısa bir açıklama yazmakla yükümlüdür.

**5. Madde.**

Bu Mutabakat Zaptının uygulanmasında ortaya çıkan finansal ve organizasyonel meseleler 2. maddede belirtilen alanlara göre ikili anlaşmalar çerçevesinde ele alınır ve çözülür.

**6. Madde.**

Taraflar, Kırgız Cumhuriyeti'nin mevzuatına uygun olarak bu Mutabakat Zaptı kapsamında karşılıklı işbirliği çerçevesinde ortak faaliyetler sonucunda ortaya çıkan fikri mülkiyet hakların adil bir şekilde paylaştırılması ve etkin bir şekilde korunmasını sağlamayı taahhüt eder.

**7. Madde.**

Taraflar, işbirliği konularının koordinasyonu ve ortak faaliyetler planının hazırlanmasından sorumlu kişileri tayin edeceklerdir.

**8. Madde.**

Bu Mutabakat Zaptı, Taraflarca imzalandığı tarihten itibaren yürürlüğe girecektir.

**9. Madde.**

Bu Mutabakat Zaptı 5 yıl süreyle geçerli olacak ve Tarafların yazılı anlaşması üzerine süresi uzaltılabilir.

**10. Madde.**

Taraflar, bu Mutabakat Zaptı ile ilgili veya uygulanması sonucunda elde edilen gizli bilgilerin (sözlü ve belgeler vb.) gizliliğini her zaman korumak zorundadırlar. Bir tarafın izniyle diğer tarafın gizli bilgileri ifşa etmesine izin verilir. Bu maddede belirtilen gizlilik gereklilikleri, bu Mutabakat Zaptının sona ermesini takip eden beş (5) yıl boyunca yürürlükte kalacaktır.

**11. Madde.**

Tarafların mutabakatı ile imzalanan bu Mutabakat Zaptında yapılan ilave ve değişiklikler, onun ayrılmaz bir parçasıdır.

**12. Madde.**

Bu Mutabakat Zaptının uygulanması sırasında meydana gelen anlaşmazlıklar Tarafların karşılıklı görüşme yoluyla çözülecektir.

**13.Madde.**

Bu Mutabakat Zaptının uygulanması ve meselelerin çözümüne ilişkin hükümler bu Mutabakat Zaptında öngörülmemişse, Kırgız Cumhuriyeti'nin mevzuatına uygun olarak düzenlenmelidir.

Bu Mutabakat Zaptı, Kırgızca ve aynı ispat gücüne sahip Türkçe iki nüsha olarak düzenlenmiştir. İki dil arasında ihtilaf olması halinde Kırgızca anlaşmadaki anlam kullanılacak ve kanuni geçerliliği olacaktır.

**KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ**

**Adres:** 720044, Kırgız Cumhuriyeti, Bişkek şehri, Cengiz Aytmatov caddesi, 56

Prof. Dr. Alpaslan CEYLAN
Rektör

**«FRONTIERS» MİKRO KREDİ ŞİRKETİ LTD.ŞTİ.**

**Adres:** 720011, Kırgız Cumhuriyeti, Bişkek şehri, C. Abdrahmanov sokağı, 201

T. N. DCUMATAYEV
Genel Müdür

**Кыргыз-Түрк "Манас" университети менен «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») Микрокредиттик компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коому ортосунда кызматташтык тууралуу**

# МЕМОРАНДУМ

Бир тараптан Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин атынан ректор проф., докт. Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор э.и.к. Бактыгул Рысбаевна Каламбекова, жана экинчи тараптан «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») Микрокредиттик компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коому атынан Башкы мүдүр Таалайбек Намасбекович Джуматаев мындан ары бирге Тараптар деп аталуучулар,

- өз ара кызматташтыктын маанилүүлүгүнө көңүл буруп, билим берүү, илим, инновация жана технология жаатында маалымат жана тажрыйба алмашуу;

- жалпы кесиптик артыкчылыктарды эске алуу менен илимий изилдөөлөрдү, маалымат алмашууну жана кызматташууну кеңейтүү максатында ушул кызматташуу жөнүндө Меморандумду түзүштү.

**1-берене:**

Ушул Меморандум макулдашылган Тараптардын билим берүү жана илимий изилдөө жаатындагы өз ара пайдалуу кызматташтыкты ишке ашыруусу үчүн аткарууга тийиш болгон шарттарды аныктайт.

**2-берене:**

Макулдашылган Тараптар мыйзамга ылайык төмөнкү багыттар боюнча кызматташат:

1. эки тарапты тең кызыктырган маселелер боюнча биргелешкен конференцияларды, тегерек столдорду жана семинарларды өткөрүү;
2. **«FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКнын** кызматкерлеринин билим деңгээлин жогорулатуу үчүн сабактарды жана тренингдерди уюштуруу;
3. **«FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧК** тарабынан сунушталган маселелер боюнча биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин адистери жана зарыл учурда ушул долбоорлорду каржылоого чет өлкөнүн илим изилдөө борборлорунун жана донордук уюмдарынын өкүлдөрү да катыша алышат;
4. **«FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧК** тарабынан атайын аныкталган ФОЭСтин (IFRS) "Финансылык инструменттер" деп аталган 9-стандарты жана "Эффективдүүлүк анализи" багытында артыкчылыктуу тартипте иштей баштоо;

5. **«FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧК** жүзөгө ашырган долбоорлор боюнча Кыргыз-Түрк “Манас” университети тарабынан илимий изилдөөлөрдүн, методологиялык жана аналитикалык иликтөөлөрдүн, илимий-практикалык конференцияларды жана башка иштердин аткарылышын камсыз кылуу;
6. Тараптардын ортосунда мезгил-мезгили менен маалымат алмашуусун камсыз кылуу.

**3-берене:**

Ушул Меморандумдун алкагында жүзөгө ашырыла турган иш-чаралар төмөнкү шарттарга ылайык келиши керек:

1. долбоорлор жогорку билим берүүнүн жана илимий изилдөөлөрдүн деңгээлинде ишке ашырылып, Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүнө кызмат кылууга тийиш;
2. долбоорлор илимий, окуу-тарбиялык жана практикалык мааниге ээ болушу керек жана эки тараптуу кызматташтык өз ара пайдалуулук жана тең укуктуулук принциптеринин негизинде ишке ашырылышы керек.

**4-берене:**

Ушул Меморандумга ылайык, Университет төмөнкү багыттар боюнча кызматташууга даяр:

1. «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКте практика өтүү үчүн университеттин 3 (үчүнчү) курсунун студенттерин жана «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКга ишке орношуу үчүн университеттин 4 (төртүнчү) курсунун студенттеринин резюмесин «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКнын кароосуна берүү;
2. «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКга студенттердин тизмесинен талапкерлерди тандоо мүмкүнчүлүгүн берүү
3. «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧСнын макулудугу менен практикалык окууга кирген студенттерди ушул практикадан өтүү үчүн программалар жана көрсөтмөлөр менен камсыз кылуу;
4. Студенттердин практикалык сабактарынын өтүшүн ишке ашыруу, аны уюштуруу жана өткөрүү боюнча студенттерге кеңеш берүү;

Ушул Меморандумга ылайык, «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧК муктаждыктарды жана рационалдуулукту эске алуу төмөнкү багыттар боюнча кызматташууга даяр:

1. «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКга практика өтүү үчүн Университет тарабынан сунушталган 3 (үчүнчү) курстун студенттеринин жана «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКте ишке орношуу үчүн 4 (төртүнчү) курсунун бакалавриат студенттеринин талапкерлерлигин кароо;
2. «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧК практикага келген студенттерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

3. Студенттерге кесиптик компетенттүүлүкгүн көрсөтүү жана өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн берүү;
4. Студентке практика жузундо машыгуу үчүн орун жана коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылуу;
5. Практикалык окууга келген студенттерге «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКнын жетектөөчү адистеринен көрсөтмөлөрдү берүү;
6. Келген студенттерди «FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧКнын иш алыпарусуу жонундо, түзүмү жана эмгек тартиби менен тааныштыруу;
7. Практика аяктагандан кийин күндөлүккө тиешелүү комментарийлерди жазуу жана студенттин аткарган иши жана жетишкендиги жөнүндө кыскача мүнөздөмө жазуу.

**5-берене:**

Ушул кызматташтыкты ишке ашырууда каржылык жана уюштуруу маселелери 2-беренеде көрсөтүлгөн багыттар боюнча эки тараптуу макулдашуулардын алкагында талкууланат жана чечилет.

**6-берене:**

Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык ушул Меморандумдун негизинде өз ара кызматташуунун алкагында биргелешкен иш-чаралардын натыйжасында жаратылган интеллектуалдык менчик объекттерине укуктарды адилеттүү бөлүштүрүүнү жана натыйжалуу коргоону камсыз кылууга милдеттенишет.

**7-берене:**

Макулдашуучу Тараптар эки тараптуу кызматташтыктын маселелерин координациялоо жана биргелешкен иш планын даярдоо үчүн жооптуу адамдарды дайындашат.

**8-берене:**

Ушул Макулдашуу ага Тараптардын өкүлдөрү кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет.

**9-берене:**

Ушул Меморандум 5 жыл күчүндө болот. Тараптардын жазуу түрдө макулдашуусунун негизинде мөөнөтү узартылышы мумкун.

**10-берене:**

Тараптар ушул Меморандумга тиешелүү же анын натыйжасында алынган купуя маалыматтарга (ооз эки жана документтер ж.б.) ар дайым сыр сактоого тийиш. Тарап купуя маалыматтарды ачыктоого экинчи Тараптын макулдугунун негизинде гана уруксат берилет. Ушул беренеде коюлган сыр сактоо талаптар Меморандумдун колдонулушу токтотулгандан кийин беш (5) жыл бою толук күчүндө калат.

**11-берене:**

Эки тараптын макулдугу менен кол коюлуп, Меморандумга киргизилген толуктоолор жана өзгөртүүлөр анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**12-берене:**

Ушул Меморандумду ишке ашыруунун жүрүшүндө Тараптардын ортосунда пайда болгон пикир келишпестиктер сүйлөшүү жолу менен чечилет.

**13-берене:**

Ушул Меморандумду ишке ашырууга жана маселелерди чечүүгө байланыштуу жоболор Меморандумда каралбаса, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жөнгө салынууга тийиш.

Ушул Меморандум ар бири бирдей юридикалык күчкө ээ эки нускада кыргыз жана түрк тилдеринде түзүлдү. Эгерде эки тилдин ортосунда карама-каршы пикир жаралса, кыргыз тилиндеги мааниси колдонулат жана юридикалык күчкө ээ болот.

**Кыргыз-Түрк “Манас” университети**

Дареги: 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Чыңгыз Айтматов прос., 56

**Жейлан А.**
Ректор

**«FRONTIERS» («ФРОНТИЭРС») МКК ЖЧК**

Дареги: 720011, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ж.Абдрахманов көч., 201

**Джуматаев Т.Н.**
Башкы мүдүр